# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2025-жылдын 30-майы № 301*

## Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндөгү жөнгө салуу жөнүндө

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик жайыт жерлерин пайдалануу укугун берүү маселелерин жөнгө салуу максатында, айыл аймактарынын жана шаарлардын деңгээлинде административдик-аймактык реформага ылайык, "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлиндеги административдик-аймактык бирдиктер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесин, "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 2-бөлүгүнүн төртүнчү абзацын, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерин жетекчиликке алуу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө типтүү жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымды белгилөө тартиби жөнүндө типтүү жобо 2-тиркемеге ылайык;

3) Жайыт билетинин типтүү формасы 3-тиркемеге ылайык;

4) Айыл аймагынын же шаардын мамлекеттик жайыттарын башкаруу чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары жөнүндө типтүү жобо 4-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы № 386 "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункттун төртүнчү, бешинчи абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 4-1-пунктта "жамааттын" деген сөз алып салынсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча мамлекеттик комиссия жөнүндө жободо:

- 3, 5-пункттарда "Өкмөтүнө", "Өкмөтүнүн" деген сөздөр тиешелүү түрдө "Министрлер Кабинетине", "Министрлер Кабинетинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 11-пунктта "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигине" деген сөздөр "айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 12-пунктта "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлигинде" деген сөздөр "айыл чарба чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында" деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча облустук жумушчу топтор жана жергиликтүү (райондук) комиссиялар жөнүндө жободо:

- 3-пунктта "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 5-пунктта:

төртүнчү абзацта "айыл округдарынын" деген сөздөр "жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

бешинчи абзацта "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"7. Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча жергиликтүү (райондук) комиссия өз ишинде "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле ушул Жобону жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин алдындагы "Кыргызмамжердолбоорлоо" жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасы иштеп чыккан сунуштарды жетекчиликке алат.";

- 8-пунктта:

экинчи абзацта "бекитүүсүнө" деген сөз "кароосуна" деген сөзгө алмаштырылсын;

төртүнчү абзацта "айыл округунун" деген сөздөр "айыл аймагынын же шаарлардын" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы № 515 "Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 2016-жылдын 7-июнундагы № 307 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы № 386 "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтомуна толуктоо киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 735 "Пилоттук режимде айыл аймактарынын деңгээлинде административдик-аймактык реформа менен камтылган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик жайыт жерлерин башкаруу жана пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 1-ноябрындагы № 662 "Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.Касымалиев**

## Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө
## ТИПТҮҮ ЖОБО

### 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Типтүү жобо "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты жана жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүүнүн тартибин жөнгө салат.

2. Айыл аймагынын жана шаардын аткаруу органы же жайыттарды башкарууга жана пайдаланууга ыйгарым укук берилген муниципалдык ишкана жайыт пайдалануучуга тиешелүү жыйым төлөнгөндөн кийин, келишимдин негизинде жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берет.

3. Жайыт ресурстарын башка максаттарда пайдалануу укугу үч жылдан ашык мөөнөткө берилген учурда, ал укук милдеттүү мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш.

4. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү ачык-айкындык, жалпыга жеткиликтүүлүк жана жайыт ресурстарын үзгүлтүксүз, сарамжалдуу, туруктуу пайдалануу принциптеринде жүргүзүлүшү керек.

5. Жайыттарды жеке жана юридикалык жактар төмөнкү максаттарда пайдалана алышат:

1) эс алуу үчүн;

2) жапайы өскөн мөмө, жемиш, козу карын, башка тамак-аш азыктарын жеке пайдалануу максатында чогултуу;

3) дарылык-техникалык чийки затты чогултуу жана аарычылык;

4) маданий, ден соолукту чыңдоочу, туристтик жана спорттук иш-чараларга катышуу;

5) аңчылык;

6) жеңил конструкциядагы (капиталдык эмес) байланыш курулмаларын, сүттү чогултуу жана баштапкы кайра иштетүү пункттарын жана малды жасалма уруктандыруу пункттарын орнотуу;

7) чөп, тоют даярдоо;

8) жалпы таралган пайдалуу кендерди казып алуу.

6. Көп жылдык мөмөлүү бак-дарактардын плантацияларын түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу" токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобонун VI главасына ылайык асылдуулугу төмөн жайыттар гана берилет.

7. Ушул Жобонун 4-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарды ишке ашырууда жайыттар ушул Жобонун жана жайыттарды мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда берүү жөнүндө келишимдин талаптарын аткарууну эске алуу менен кийинки мөөнөткө узартылып, 5 жылдык мөөнөткө чейин берилет.

8. Туристтик иштии жүзөгө ашырууда жайыттардагы курулуштар архитектура жана курулуш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте макулдашылган жеңил конструкцияларды тургузуу аркылуу ишке ашырылат, ушул Жобонун жана жайыттарды мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда берүү жөнүндө келишимдин талаптарын аткаруу эске алынып, кийин 20 жылга чейин узартуу менен 5 жылдык мөөнөткө чейин берилет.

9. Балык чарба ишин уюштуруу жана ишке ашыруу максаттары үчүн жайыттар "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык которулгандан (трансформациялангандан) кийин берилет.

10. Фаунанын эндемикалык түрлөрү жашаган жана өсүмдүктөрдүн эндемикалык түрлөрү өскөн аймактар, мал айдап өтүүчү жолдор камтылган жайыттар мал жаюу менен байланышпаган башка максаттар үчүн берилбейт.

11. Жеке жана юридикалык жактардын жайыт участогунда болуусу, ошондой эле жапайы өскөн мөмө, жемиш, козу карын, башка тамак-аш азыктарын, дарылык-техникалык чийки затты чогултуу айыл аймагынын жана шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилген жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планына ылайык чектелиши мүмкүн.

12. Жайыт жерлерин мал жаюу менен байланышпаган, жайыттын кыртышын бузууга алып келүүчү башка максаттарда берүүнүн милдеттүү шарты болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте тиешелүү аймакта бирдей маанидеги деградацияланган жайыт аймагын калыбына келтирүү саналат.

13. Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон жайыт жерлери жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планга, жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аныкталат жана бекитилет.

## 2-глава. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүүнүн тартиби

14. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү тиешелүү аймакта жашаган калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен ачык-айкын жүргүзүлөт.

15. Тиешелүү аймакта жашаган калктын кызыкчылыктары жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдаланууга артыкчылыктуу укук берүү менен эске алынат.

16. Тиешелүү аймакта жашаган калк жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун бул аймакта жашабаган адамдарга берүү, пайдалануунун кандайдыр бир түрү (кышкы, жазгы, жайкы, күзгү) жана жайыт аянты боюнча маселелерди жыйналыштын кароосуна коюуга укуктуу.

## 3-глава. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин формасы жана шарттары

17. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө типтүү келишим ушул Жобонун тиркемесине ылайык жазуу жүзүндө түзүлөт.

18. Тараптар келишимдин бирден нускасын алышат. Келишимдин көчүрмөсү маалымат үчүн тиешелүү жергиликтүү мамлекеттик администрацияга жиберилет.

19. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин жазуу жүзүндөгү формасы сакталбаган учурда, келишим жараксыз деп эсептелет.

20. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимде төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

1) келишимдин тараптары;

2) жайыт ресурстары пайдаланууга берилүүчү жер;

3) жайыт ресурстарын пайдалануунун түрлөрү;

4) берилүүчү жер участогунун аянты;

5) жайыт ресурстарын пайдалануунун мөөнөтү;

6) жыйымдын өлчөмү жана аны төлөө тартиби;

7) тараптардын укуктары жана милдеттери;

8) форс-мажордук жагдайлар;

9) келишимде көрсөтүлгөн милдеттенмелерди бузгандыгы үчүн жоопкерчилик.

21. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимге берилүүчү жер участогунун чек арасы жана аянты көрсөтүлгөн пландык-картографиялык материал тиркелет.

22. Ушул Жобонун 20-пунктунда көрсөтүлгөн шарттар жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин олуттуу шарттары болуп саналат. Келишимде тараптардын каалоосу боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка шарттар да көрсөтүлөт.

## 4-глава. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү үчүн жыйым

23. Жайыттарды башка максаттарда пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмү төмөнкүдөй аныкталат:

1) алардагы иштин түрү жайыт кыртышын бузууга алып келген участоктордо - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун толтуруу наркынын ченемдерине ылайык;

2) алардагы иштин түрү мал жаюу менен байланышпаган, бирок жайыт кыртышын бузууга алып келбеген участоктордо - бул участокту мал жаюуга пайдалануу үчүн каралган жыйымга барабар өлчөмдө.

24. Табигый тоют жерлерин бөлүп берүүгө байланыштуу мал чарба продукцияларынын жоготууларынын ордун толтуруунун ченемдери Жот = Т х Б формуласы боюнча аныкталат, мында Жот -жоготуунун ордун толтуруунун ченеми, Т - чабындынын же жайыттын (геоботаникалык изилдөөнүн маалыматтары боюнча) кургак заттагы түшүмдүүлүгү, Б - ички рыноктогу аштык буудайдын сатып алуу баасы.

25. Аарычылык ишин ишке ашырууда жана жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн бал челектерди жайгаштырууда жайыттарды башка максаттарда пайдалангандыгы үчүн жыйым алынбайт.

## 5-глава. Жайыт пайдалануучунун укуктары жана милдеттери

26. Келишимге ылайык жайыт пайдалануучу төмөнкүлөргө укуктуу:

1) жайыттарды башка максаттарда пайдалануу жөнүндө келишимде аныкталган көлөмдөгү жерде жайыт ресурстарын пайдаланууну жүзөгө ашырууга;

2) маданий жайыттар жана түп-тамырынан бери жакшыртылган жайыттарга таандык участокторду кошпогондо, жайыт участокторунда курулуш, экология, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен убактылуу турак жайларды, өндүрүштүк жайларды, кампаларды жана башка курулмаларды белгиленген тартипте (айыл өкмөтүнүн же мэриянын, муниципалдык ишкананын жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча) тургузууга жана курууга;

3) жайыт ресурстарын пайдалануу менен байланышкан чарба ишинин түрүн өз алдынча тандоого жана алынган продукцияны тескөөгө;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү келишимин бузууга;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана келишимдин шарттарына каршы келбеген башка укуктарды пайдаланууга.

27. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү келишими боюнча жайыт пайдалануучу келишимдин мөөнөтү аяктагандан кийин шарттары бирдей болгон жаңы мөөнөткө келишим түзүүдө башка жактарга караганда артыкчылыктуу укукка ээ болот.

28. Жайыт пайдалануучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) жүргүзгөн ишинин натыйжасында жайыттын абалын жана экологиялык кырдаалды начарлатууга жол бербестен, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү келишимине ылайык жайыт ресурстарын пайдаланууга;

2) жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү келишиминде белгиленген өлчөмдө жана мөөнөттө жыйым төлөөгө;

3) жайыттын жана малды сугаруучу жайлардын таштандылар, биологиялык жана химиялык заттар менен булганышына жол бербөөгө;

4) башка жайыт пайдалануучулардын жана аймактары чектеш жер пайдалануучулардын кызыкчылыктарын бузбоого;

5) Кыргыз Республикасынын жер жана жаратылыш коргоо мыйзамдарын сактоого;

6) жайыттын пайдаланылышын мамлекеттик контролдоого тоскоолдук көрсөтпөөгө;

7) мал чарбасынын муктаждыктары үчүн пайдаланылуучу жайыт инфраструктурасынын объекттерин жана башка объекттерди эксплуатациялоонун шарттарын бузбоого.

## 6-глава. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимди токтотуу үчүн негиздер

29. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү келишими төмөнкү учурда токтотулат:

1) келишимдин мөөнөтү аяктаганда;

2) жайыт пайдалануучу жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдаланууга берилген укугунан баш тартканда;

3) жайыт пайдалануучу ишин токтоткондо;

4) тараптар тарабынан келишимдин шарттары аткарылбаганда.

## 7-глава . Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин шарттарын өзгөртүүнүн тартиби

30. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү келишиминин шарттарын өзгөртүүгө төмөнкү учурда жол берилет:

1) жайыттын абалы өзгөргөндө (өрт, жер көчкү, топурактын шамал жана суу эрозиясы, жер титирөө, суу ташкыны, зыянкечтер жана илдеттер менен жайыт участокторунун бузулушу);

2) айыл аймагынын жана/же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитилген жайытты пайдалануунун ар жылдык планында белгиленген режими өзгөргөндө;

3) жайыт пайдалануучу жайыт ресурстарын пайдалануунун айрым түрлөрүн ишке ашыруудан баш тартканда.

## 8-глава . Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин шарттарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик жана талаш-тартыштарды кароо

31. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимдин шарттарын аткарбаганы же тийиштүү түрдө аткарбаганы үчүн тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

32. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишимди түзүү, аткаруу, өзгөртүү жана бузуу учурунда келип чыккан талаш-тартыштар сот тартибинде чечилет

# Жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымды белгилөө тартиби жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымды белгилөө тартиби жөнүндө ушул типтүү жобо (мындан ары - Жобо) "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык иштелип чыккан жана мамлекеттик менчиктеги жайыттарды (мамлекеттик токой фондунун жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жайыттарынан тышкары) пайдалануу үчүн акы төлөөнү белгилөө тартибин аныктайт.

2. Жобо жайытка чыгарууга уруксат берилген малдын санына жана түрүнө жараша жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымды белгилөөдө бирдиктүү мамилелерди түзүүгө багытталган.

3. Жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмү жайыттын аянт бирдигинин оптималдуу жүктөмдү, алардын инфраструктурасынын абалын, ошондой эле алардын күрдүүлүгүн, алыс жайгашкандыгын жана башка факторлорду эске алуу менен жыл сайын жайыттын квадрат метрине салыктык базалык наркынан төмөн эмес белгиленет, ошондой эле жайыттарды пайдалануу боюнча ар жылдык пландарга киргизилет жана тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет.

## 2-глава. Малдын башы үчүн жыйымды аныктоо тартиби

4. Малдын башы үчүн жыйымдын өлчөмүн аныктоо төмөнкү этаптардан турат:

Биринчи этап. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктар берилген айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органы же муниципалдык ишкана, айыл аймагынын же шаардын жайыттарынын жалпы аянтын белгилейт.

Экинчи этап. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктар берилген айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органы же муниципалдык ишкана айылдык жана шаардык кеңеш менен макулдашуу боюнча жайыттарды пайдалангандыгы үчүн кирешенин жалпы суммасын аныктайт. Кирешенин өлчөмү жергиликтүү бюджеттин керектөөлөрүн эсепке алуу менен аныкталат. Кирешенин суммасын аныктоодо төмөнкүлөр эске алынат.

1) жайыттарды жана алардын инфраструктурасын күтүүгө жана башкарууга кеткен чыгымдар (жолдор, мал айдап өтүүчү жолдор, көпүрөлөр, сугаруучу жайлар, сууга чөмүлтүүчү бактар ж.б.);

2) жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктар берилген айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын же муниципалдык ишкананын операциялык чыгымдары.

Кирешенин суммасы бардык чогултулган максаттуу кирешени түзүү аркылуу же максаттуу кирешени гектарга макулдашуу жана аны жайыттын жалпы аянтына көбөйтүү аркылуу аныкталышы керек (аныктама эскертүүдө берилген).

Үчүнчү этап. Жайытка чыгарылуучу ар түрдүү малдын башынын санын малдын ээлеринен жана фермерлерден келип түшкөн бардык өтүнмөлөрдү эсептөө аркылуу аныктоо.

Төртүнчү этап. Ар түрдүү малдын санын "шарттуу мал башына" айландыруу малдын бул түрү жайыт тоюттарын тиешелүү керектөөсүн эске алуу менен аныкталат. Бодо мал жана топоз үчүн чоң жана жаш малга ажыратууну колдонуу сунушталат. Жаш кой-эчкилер (козулар жана улактар) эсепке алынбайт. Малды "шарттуу мал башына" айландыруу кайра эсептөөнүн төмөнкүдөй коэффициенттери менен жүргүзүлөт:

| Малдын түрү | Шарттуу саны |
|---|---|
| Бодо мал/топоз, чоң | 1 |
| Бодо мал/топоз, жаш | 0,7 |
| Кой-эчки | 0,2 |

| | |
|---|---|
| Жылкы, эшек | 1 |
| Төө | 1 |

Эгерде "шарттуу мал башына" жалпы саны жайыттын жол берилген санынан (оптималдуу жүктөмүнөн) ашып кетсе, жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктар берилген айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы же муниципалдык ишкана айыл аймагынын, шаардын жергиликтүү кеңештери менен макулдашылган жол-жоболорду колдонуу менен жайытка чыгарууга уруксат берилүүчү малдын санын чектөөгө милдеттүү.

Бешинчи этап. Жайыттарды пайдалануу үчүн "шарттуу мал башына" жыйымдын өлчөмүн аныктоо (аныктоо эскертүүдө берилген).

Алтынчы этап. Малдын түрү боюнча жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымды кайра эсептөө (кайра эсептөө эскертүүдө берилген).

5. Жыйымдын көрсөтүлгөн суммасы жайыт сезонунун бардыгына төлөнөт (малчыларга акы төлөөнү эсепке албастаганда).

## 3-глава. Жайыттарды пайдалануу үчүн кирешелерди бөлүштүрүү

6. Жайыттарды пайдалануу үчүн жыйым жыл сайын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укук берилген айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органы же муниципалдык ишкана тарабынан аныкталат, айыл аймагынын, шаардын жергиликтүү кеңеши тарабынан бекитилет жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планында көрсөтүлөт.

7. Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн каражаттар жергиликтүү бюджетке түшөт жана жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртуу үчүн пайдаланылат.

8. Жайыттарды пайдалануудан келип түшкөн каражаттар казыналык система аркылуу түшөт жана чыгымдалат.

Эскертүү:

1. Мисалы айыл аймагынын же шаардын жалпы аянты 12641 га барабар болгон жайыт жери бар.

2. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктар берилген айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органы же муниципалдык ишкана колдо болгон 12641 га жайыт жеринен 200000 (эки жүз миң) сом алууну пландоодо, башкача айтканда ар бир гектардан 16 сомдон.

3. Мисалы жайыт жерлерге чыгарылуучу малдын саны төмөнкүлөрдү түзөт:

- чоң бодо мал жана топоз - 716 баш;
- жаш бодо мал жана топоз - 523 баш;
- кой жана эчки - 4872 баш;
- жылкы - 262 баш жана төө - 9 баш.

4. Малды "шарттуу мал башына" айландыруу төмөнкү схема боюнча аныкталат:

| Малдын түрү | Саны | Кайра эсептөө коэффициенти | Мал бирдиги |
|---|---|---|---|
| Ири бодо мал/топоз, чоң | 716 | 1 | 716 |
| Ири бодо мал/топоз, жаш | 523 | 0,7 | 366 |
| Кой-эчки | 4872 | 0,2 | 974 |
| Жылкы, эшек | 262 | 1 | 262 |
| Төө | 9 | 1 | 9 |

Жайытка чыгарылуучу "шарттуу мал башына" 2328 башты түздү.

5. Жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмү кошулган максаттуу кирешени "шарттуу мал башына" бөлүү жолу менен аныкталат. Кайра эсептөөдө бир "шарттуу мал башына" жыйымдын өлчөмүн кайра эсептөөдө 86 сомду түзөт.

6. Жайыт пайдалануу үчүн малдын түрлөрү боюнча жыйымды кайра эсептөө жайыттарды пайдалануу үчүн төлөмдү "шарттуу мал башына" коэффициентке көбөйтүү менен төмөнкүдөй схема боюнча жүргүзүлөт:

| Мал | Малдын шарттуу башы | Жайыт пайдалануу үчүн төлөм |
|---|---|---|
| "Шарттуу малдын башы" | 1 | 86 |
| Бодо мал/топоз, чоң | 1 | 86 |
| Бодо мал/топоздор, жаш | 0,7 | 60 |
| Кой-эчки | 2 | 17 |
| Жылкы, эшек | 1 | 86 |
| Төө | 1 | 86 |

3-тиркеме

## Жайыт билетинин типтүү формасы

_______________________________________________

АВ 0000001 (Жайыт билетинин сериясы жана номери), а/өкмөтү, район

### № __________ ЖАЙЫТ БИЛЕТИ
### 20____-жылга

Аты-жөнү

_______________________________________________

(жайыт пайдалануучу)

Берилген датасы:

20___-жылдын "___" ______________________

Жайыттар:

Кышкы

_______________________________________________

Жазгы

_______________________________________________

Жайкы

_______________________________________________

Күзгү

_______________________________________________

Маршрут:

1)

_______________________________________________

2)

_______________________________________________

3)

_______________________________________________

**Жайытка чыгарылуучу малдын башынын саны жана малды эмдөө жөнүндө маалыматтар**

| **Малдын түрү** | **Саны** | **1 баш үчүн жыйым (сом)** | **Сумма (сом)** | **Малды эмдөө жөнүндө маалымат** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Уй | | | | | | |
| Топоз | | | | | | |
| Кой-эчки | | | | | | |
| Жылкы | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| Бардыгы: | | | | | | |

Сумма:

___________________________________________________________________________

___________________________________________________________________________

(жазуу менен)

Жайыттарды пайдалангандыгы үчүн жыйымды төлөгөндүгү жөнүндө квитанция тиркелет.

Аянты _________________ га болгон жогоруда аталган жайыттарга _____________ баш сандагы

малды жаюуга уруксат берилет.

Муниципалдык ишкананын жетекчисинин М.О: ________________________________________

___________________________________________________________________________

(аты-жөнү)

Айыл өкмөтүнүн /мэриянын башчысынын М.О: ________________________________________

(аты-жөнү)

## Айыл аймагынын же шаардын мамлекеттик жайыттарын башкаруу чөйрөсүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары жөнүндө ТИПТҮҮ ЖОБО

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик жайыттарды башкаруу чөйрөсүндөгү функциялары:

1) жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планын, жайыттарды пайдалануунун жылдык планын иштеп чыгуу жана аны жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан бекитүү;

2) жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү;

3) жайыт билеттерин берүү жана/же жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарда пайдалануу укугун берүү жөнүндө келишим түзүү;

4) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы тарабынан милдеттүү түрдө бекитүү менен жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдын өлчөмүн аныктоо;

5) жайыттарды пайдаланууга тийиштүү болгон талаш-тартыштарды өз ыйгарым укуктарынын чегинде чечүү;

6) "Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жайыттарды пайдалануу үчүн жыйымдардан түшкөн кирешелерди жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга инвестиция катары багытталган башка ресурстарды башкаруу;

7) муниципалдык ишканаларды түзүү;

8) жайыттарды башкарууга жана пайдаланууга байланыштуу маселелерди чечүү.

2. Муниципалдык ишкана айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын чечиминин негизинде түзүлөт, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы (жергиликтүү кеңеш) тарабынан бекитилген жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планына, жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча функцияларды ишке ашырат жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен каржыланат.

3. Муниципалдык ишкана жайыттарды башкаруунун жана пайдалануунун бардык маселелери боюнча айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына отчет берет.